Ылай-Талаа айылдык Кеңешинин (VII чакырылыштагы) кезектеги XI сессиясынын жыйынынын

**Т О К Т О М У**

№ 11/1

Ылай-Талаа айылы. 21-февраль 2023-жыл.

**Ылай-Талаа айыл аймагын социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүүдө Ылай-Талаа айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Жолдошовдун 2022-жылдын жыйынтыгы менен жүргүзгөн иштеринин абалы жана 2023-жылга милдеттери жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 5-главасынын 50- “Айыл өкмөтүнүн башчысынын ыйгарым укуктары жөнүндөгү” беренесине жана ушул эле мыйзамдын 51- “Айыл өкмөтүнүн компетенциясы” беренесинин 1-пунктуна, айылдык Кеңештин Регламентинин 1-бөлүмүнүн 2-главасынын 2.2-пунктуна ылайык Ылай-Талаа айыл аймагын социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүүдө Ылай-Талаа айыл өкмөтүнүн 2022-жыл ичинде жүргүзгөн иштери жана 2023-жылга милдеттери тууралуу Ылай-Талаа айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Жолдошовдун отчетун угуп жана талкуулап Ылай-Талаа айылдык Кеңеши

**Т О К Т О М К Ы Л А Т:**

1. Ылай-Талаа айыл аймагын социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүүдө Ылай-Талаа айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Жолдошовдун 2022-жылдын жыйынтыгы менен жүргүзгөн иштери тууралуу Ылай-Талаа айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Жолдошовдун отчету канааттандырарлык деп белгиленсин.

2. Ылай-Талаа айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Жолдошовго:
-айыл аймагын өнүктүрүү боюнча айыл өкмөтү тарабынан иштелип чыккан стратегиялык жана социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүү пландарын ишке ашырууну камсыз кылсын;
-айыл аймагын социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүүдө чет элдик инвесторлор, коомдук эмес уюмдар жана демөөрчүлөр менен иш алып барууну колго алсын;
-дем берүүчү гранттык комиссияга, райондук өнүктүрүү фондуна төрттөн кем эмес долбоор сунуштоо менен иш алып барсын,
-санариптештирүүнүн негизинде калкка маалыматтык кызмат көрсөтүүнү жөнөкөйлөштүрүп, КР Министрлер Кабинетинин токтомуна ылайык өздүгүн тактоочу документтерди “Санарип Аймак” базасы аркылуу жеринде берүүнү уюштурсун,
-СЭД, Е-Кызмат, Инфодокс жана АиС ЗАГС программаларды ишке киргизүү менен кызматкерлер, мекемелер ортосунда электрондук документ жүргүзүү алакасына өтүү, жарандарды паспорттоштуруу, күбөлүктөрдү берүү, электрондук базага киргизүү жумуштарын айыл өкмөтүндө жүргүзүүнү камсыз кылсын,

-балдар менен иш алып барууга өзгөчө көңүл буруп, ата-энелери миграцияда жүргөн балдардын электрондук базасын түзүп, турмуш шарты оор үй-бүлөөлөр менен жакындан иш алып барууну колго алсын,
-калкты сапаттуу ичүүчү таза суу менен камсыз кылууну жана суу төлөмдөрүн өз убагында төлөөнү уюштурсун,
-суу пайдалануучулар бирикмесинин (СПА) ишин жандандырып, сугат суу менен камсыздоону, атайын техника, копатель алууну уюштурсун,
-таштандыларды ташып чыгуу боюнча "Ылай-Талаа - Тазалык" муниципалдык ишканасына ар тараптуу көмөк көрсөтүү менен долбоор аркылуу жаңы атайын техника алуу жагын колго алсын,
-жайыттарды, эгин талааларды коргоону, оруп-жыюу маселелерин жөнгө салууну уюштурсун,
-жайлоодон көчүп келүү жагын тартипке салуу, колдонуудагы көпүрөлөрдүн, ички чарбалык жолдордун абалын жакшыртуу, жарыктандыруу сыяктуу маселелерди колго алсын.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы Ылай-Талаа айылдык Кеңешинин бардык туруктуу комиссияларына тапшырылсын.

**Ылай-Талаа айылдык Кеңешинин төрагасы: А.Кадамбаева**

Ылай-Талаа айылдык Кеңешинин (VII чакырылыштагы) кезектеги XI сессиясынын жыйынынын

# Т О К Т О М У

№ 11/2

Ылай-Талаа айылы. 21-февраль 2023-жыл.

**Ылай-Талаа айыл өкмөтүнүн 2022-жылга бекитилген бюджетинин аткарылышынын абалы жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 5-главасынын 50- “Айыл өкмөтүнүн башчысынын ыйгарым укуктары жөнүндөгү” беренесине жана ушул эле мыйзамдын 51- “Айыл өкмөтүнүн компетенциясы” беренесинин 1-пунктуна, айылдык Кеңештин Регламентинин 1-бөлүмүнүн 2-главасынын 2.2-пунктуна ылайык Ылай-Талаа айыл өкмөтүнүн 2022-жылга бекитилген бюджетинин аткарылышынын абалы жөнүндө Ылай-Талаа айыл өкмөтүнүн ФЭБ башчысы О.Мамасали кызынын маалыматын, Ылай-Талаа айылдык Кеңешинин бюджет боюнча туруктуу комиссиясынын жыйналышынын берген сунушун угуп жана талкуулап Ылай-Талаа айылдык Кеңеши

**Т О К Т О М К Ы Л А Т :**

1. Ылай-Талаа айыл өкмөтүнүн 2022-жылга бекитилген бюджетинин киреше бөлүгү

**22 373,6** миң сомго, чыгаша бөлүгү **22 373,6** миң сомго аткарылгандыгы белгиленсин.

(№ 1 жана № 2 тиркемелер тиркелет)

2. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ылай-Талаа айылдык Кеңешинин социалдык-экономикалык өнүгүүнүн болжолдуу багыттарын аныктоо, жаштардын иштери, спорт, миграция, туризм, инвестиция жана бюджет боюнча туруктуу комиссиясына (төрагасы Н.Айтбаев) тапшырылсын.

**Ылай-Талаа айылдык Кеңешинин төрагасы : А.Кадамбаева**

**Ылай-Талаа айылдык Кеңешинин 21.02.2023-жылдагы № 11/2 токтомуна № 1 тиркеме**

Ылай-Талаа айыл өкмөтүнүн 2022-жылга бекитилген бюджетинин киреше бөлүгүнүн аткарылышы жөнүндө

**МААЛЫМАТ**

| № | Аталышы | Такталган план | Факт | Айырмасы | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | сом | % |
| 1 | Киреше салыгы | 6188,0 | 6524,2 | +336,2 | 105,4 |
| 2 | Патент (ыктырядуу) | 250,3 | 251,9 | +1,6 | 100,6 |
| 3 | Бирдиктүү салык | 58,0 | 305,4 | +247,4 | 525,6 |
| 4 | Кыймылсыз мүлк салыгы | 32,7 | 42,3 | +9,6 | 129,4 |
| 5 | Кыймылдуу мүлк салыгы (транспорт) | 734,0 | 736,8 | +2,8 | 100,4 |
| 6 | Тамарка жер салыгы (физикалык) | 212,0 | 212,7 | +0,7 | 100,3 |
| 7 | Айыл чарбасына жараксыз жер салыгы | 243,0 | 309,0 | +66,0 | 127,2 |
| 8 | Калктуу конуштун арендасы | 71,0 | 74,4 | +3,4 | 104,8 |
| 9 | Жайыт жерлердин арендасы | 227,0 | 350,0 | +123,0 | 154,2 |
| 10 | КБФнун жерлеринин арендасы | 205,0 | 278,0 | +73,0 | 135,6 |
| 11 | Таштанды жыйымы | 93,0 | 93,1 | +0,1 | 100,1 |
| 12 | Жергиликтүү бюджеттин башка салыктары жана жыйымдары | 60,0 | 60,0 | - | 100,0 |
| | **Кирешелердин жыйынтыгы** | **8374,0** | **9237,8** | **+863,8** | **110,3** |
| 1 | Акы төлөп кызмат көрсөтүү | 2160,0 | 2162,2 | +2,2 | 100,1 |
| | **Жыйынтыгы:** | **2160,0** | **2162,2** | **+2,2** | **100,1** |
| 1 | Толуктоочу грант | 7299,0 | 7299,0 | - | 100,0 |
| 2 | Өткөрүлүп берилүүчү каражат | 3674,6 | 3674,6 | - | 100,0 |
| | **Жыйынтыгы:** | **10973,6** | **10973,6** | **-** | **100,0** |
| | **Жалпы жыйынтыгы:** | **21507,6** | **22373,6** | **+866,0** | **104,0** |

**Ылай-Талаа айылдык Кеңешинин катчысы : С.Осмоналиев**

**Ылай-Талаа айылдык Кенешинин 21.02.2023-жылдагы № 11/2 токтомуна № 2 тиркеме**

Ылай-Талаа айыл өкмөтүнүн 2022-жылга бекитилген бюджетинин чыгаша бөлүгүнүн аткарылышы жөнүндө

## МААЛЫМАТ

| № | Аталышы | Классификация | План | Факт | Айырмасы | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | +.- | % |
| **701 Башкаруу аппарат** | | | | | | |
| 1 | Эмгек акы | 21111100 | 5192,1 | 6064,90 | +872,80 | 116,8 |
| 2 | Социалдык фонд | 21211100 | 1063,4 | 1063,4 | 0,00 | 100,0 |
| 3 | Сапар чыгым | 22111100 | 252,7 | 252,7 | 0,00 | 100,0 |
| 4 | Байланыш кызматы | 22122110 | 63,6 | 63,6 | 0,00 | 100,0 |
| 5 | Транспорт чыгымы | 22141100 | 187,0 | 187,0 | 0,00 | 100,0 |
| 6 | Ар түрдүү чыгым | 22154900 | 330,4 | 330,4 | 0,00 | 100,0 |
| 7 | Ар кандай ремонт үчүн | 22211100 | 67,9 | 67,9 | 0,00 | 100,0 |
| 8 | Жабдуулар жана материал алуу | 22221100 | 375,0 | 375,0 | 0,00 | 100,0 |
| 9 | Жабдуулар жана материал алуу | 22221200 | 200,0 | 420,4 | +220,40 | 210,2 |
| 10 | Резервдик фонд | 28241100 | 150,0 | 150,0 | 0,00 | 100,0 |
| 11 | Суу үчүн | 22311100 | 12,0 | 12,0 | 0,00 | 100,0 |
| | **Жыйынтыгы:** | | **7894,1** | **8987,3** | **+1093,2** | **113,8** |
| **704 Айыл чарбасы** | | | | | | |
| 1 | Ар түрдүү чыгым | 22154900 | 1688,1 | 1688,1 | 0,00 | 100,0 |
| 2 | Жайыт | 22154900 | 350,0 | 350,0 | 0,00 | 100,0 |
| | **Жыйынтыгы:** | | **2038,10** | **2038,10** | **0,00** | **100,0** |
| **706 ЖКХ** | | | | | | |
| 1 | Ар түрдүү чыгым | 22154900 | 3250,4 | 3250,4 | 0,0 | 100,0 |
| | **Жыйынтыгы:** | | **3250,4** | **3250,4** | **0,0** | **100,0** |
| **708 Клуб** | | | | | | |
| 1 | Эмгек акы | 21111100 | 401,9 | 401,9 | 0,0 | 100,0 |
| 2 | Социалдык фонд | 21211100 | 69,3 | 69,3 | 0,0 | 100,0 |
| 3 | Сапар чыгым | 22111100 | 33,0 | 33,0 | 0,0 | 100,0 |
| 4 | Ар түрдүү чыгым | 22154900 | 477,0 | 380,6 | -96,4 | 79,8 |
| 5 | Ар кандай ремонт үчүн | 22211100 | 55,0 | 55,0 | 0,0 | 100,0 |
| 6 | Чарбалык буюмдар үчүн | 22221100 | 86,6 | 86,5 | -0,1 | 99,9 |
| | **Жыйынтыгы:** | | **1122,8** | **1026,3** | **-96,5** | **91,4** |
| **708 Библиотека** | | | | | | |
| 1 | Эмгек акы | 21111100 | 371,2 | 371,2 | 0,0 | 100,0 |
| 2 | Социалдык фонд | 21211100 | 61,4 | 61,4 | 0,0 | 100,0 |
| 3 | Ар түрдүү чыгым | 22154900 | 31,0 | 31,0 | 0,0 | 100,0 |
| 4 | Ар кандай ремонт үчүн | 22211100 | 16,2 | 16,2 | 0,0 | 100,0 |
| 5 | Чарбалык буюмдар үчүн | 22221100 | 5,0 | 5,0 | 0,0 | 100,0 |
| | **Жыйынтыгы :** | | **484,8** | **484,8** | **0,0** | **100,0** |
| **709 Орто мектептер** | | | | | | |
| 1 | Ар түрдүү чыгым | 22154900 | 288,40 | 202,80 | -85,6 | 70,3 |
| 2 | Ар кандай ремонт үчүн | 22211100 | 145,00 | 145,00 | 0,0 | 100,0 |
| 3 | Чарбалык буюмдар үчүн | 22221100 | 436,60 | 436,60 | 0,0 | 100,0 |
| 4 | Суу үчүн | 22311100 | 36,00 | 36,00 | 0,0 | 100,0 |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 5 | Негизги фонддор | 31111290 | 45,00 | 45,00 | 0,0 | 100,0 |
| 6 | Көмүр | 22241200 | 97,00 | 97,00 | 0,0 | 100,0 |
| | **Жыйынтыгы :** | | **1048,0** | **962,40** | **-85,6** | **91,8** |
| **709 Толук эмес орто мектептер** | | | | | | |
| 1 | Ар түрдүү чыгым | 22154900 | 400,0 | 399,6 | -0,4 | 99,9 |
| 2 | Ар кандай ремонт үчүн | 22211100 | 75,0 | 75,0 | 0,0 | 100,0 |
| 3 | Чарбалык буюмдар үчүн | 22221100 | 385,5 | 346,8 | -38,7 | 90,0 |
| 4 | Көмүр | 22241100 | 207,0 | 207,0 | 0,0 | 100,0 |
| 5 | Суу үчүн | 22311100 | 36,0 | 36,0 | 0,0 | 100,0 |
| 6 | Имарат жана курулма | 31121000 | 365,0 | 365,0 | 0,0 | 100,0 |
| | **Жыйынтыгы:** | | **1468,5** | **1429,4** | **-39,1** | **97,3** |
| **709 Бала бакчалар** | | | | | | |
| 1 | Ар түрдүү чыгым | 22154900 | 430,0 | 346,3 | -83,7 | 80,5 |
| 2 | Ар кандай ремонт үчүн | 22211100 | 177,2 | 177,2 | 0,0 | 100,0 |
| 3 | Чарбалык буюмдар үчүн | 22221100 | 485,0 | 485,0 | 0,0 | 100,0 |
| 4 | Суу үчүн | 22311100 | 36,0 | 36,0 | 0,0 | 100,0 |
| 5 | Көмүр | 22241100 | 319,5 | 319,5 | 0,0 | 100,0 |
| 6 | Байланыш | 22121100 | 48,0 | 48,0 | 0,0 | 100,0 |
| | **Жыйынтыгы:** | | **1495,7** | **1412,0** | **-83,7** | **94,4** |
| **720 Социалдык колдоо** | | | | | | |
| 1 | Компенсация | 27213100 | 543,0 | 543,0 | 0,0 | 100,0 |
| 2 | Компенсация населения | 27213100 | | 77,8 | +77,8 | 0,0 |
| | **Жыйынтыгы:** | | **543,0** | **620,8** | **+77,8** | 114, |
| **Атайын эсеп боюнча** | | | | | | |
| 1 | Тамак аш үчүн | 22181100 | 2162,2 | 2162,1 | -0,1 | 100,0 |
| 2 | Өткөрүлүп берилүүчү каражат | 22154900 | | | 0 | 0,0 |
| | **Жыйынтыгы:** | | **2162,2** | **2162,1** | -0,1 | 100,0 |
| | | | | | | |
| | **Жалпы жыйынтыгы:** | | **21507,6** | **22373,6** | **+866** | **104,0** |

**Ылай-Талаа айылдык Кеңешинин катчысы : С.Осмоналиев**

Ылай-Талаа айылдык Кеңешинин (VII чакырылыштагы) кезектеги XI сессиясынын жыйынынын

**Т О К Т О М У**

№ 11/3

Ылай-Талаа айылы. 21-февраль 2023-жыл.

**Алыскы жана жакынкы жайыттарды, кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин иштетүү жана пайдалануу,жер көчкү, жер саясаты боюнча жайыт пайдалануучулар бирикмесинин 2022-жылы жүргүзгөн иштеринин жыйынтыгы жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жайыттар жөнүндө" Мыйзамынын 10-беренесинин, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын II бөлүмүнүн 3-главасынын 34-беренесинин 2-пунктуна, айылдык Кеңештин Регламентинин 1-бөлүмүнүн 2-главасынын 2.2-пунктуна ылайык алыскы жана жакынкы жайыттарды, кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин иштетүү жана пайдалануу,жер көчкү, жер саясаты боюнча жайыт пайдалануучулар бирикмесинин 2022-жылы жүргүзгөн иштеринин жыйынтыгы тууралуу Ылай-Талаа айылдык жайыт пайдалануучулар бирикмесинин жайыт комитетинин төрагасы К.Токтомушевдин маалыматын, Ылай-Талаа айылдык Кеңешинин агрардык маселелер боюнча туруктуу комиссиясынын жыйналышынын берген сунушун угуп жана талкуулап Ылай-Талаа айылдык Кеңеши

**Т О К Т О М К Ы Л А Т :**

1. Алыскы жана жакынкы жайыттарды, кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин иштетүү жана пайдалануу,жер көчкү, жер саясаты боюнча жайыт пайдалануучулар бирикмесинин 2022-жылдын жыйынтыгы менен жүргүзгөн иштери айрым кемчилдиктерин эске алуу менен канааттандыраарлык экендиги белгиленсин.

2. Айыл аймагындагы алыскы жана жакынкы жайыттарды эрозияга учурашына жол бербей туура бөлүштүрүү, жайытты убактылуу пайдаланууга жайыт пайдалануучулар менен келишим түзүү, жайыт акыларынан чогултуу боюнча кескин чараларды көрүү, сырттан келген малдын башын тактап алардан салык өндүрүү жана өз убагында элдерди жайлоого көчүрүү боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүзүү, жайлоого кеткиче малдын башын тактап эсепке алуу, долбоор аркылуу келген атайын техникаларды ижаралык келишимдин негизинде эффективдүү пайдалануу, кошумча каз таман бульдозер сатып алуу жана аларды иштетүүдөн түшкөн акчанын тиешелүү бөлүгүн бюджетке түшүрүү, 2023-жылга бекитилген бюджетинин аткарылышын камсыз кылуу, жайыт багытындагы жер аянттарын уруксаты жок өз алдынча тосуп алгандарга чара көрүп кашааларын алдыруу, жагы айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Жолдошовго, айыл аймагындагы жайыт пайдалануучулар бирикмесинин жайыт комитетинин төрагасы К.Токтомушевге милдеттендирилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айылдык Кеңештин агрардык, азык-түлүк, айыл жана суу чарбасы, жерге жайгаштыруу, жер жана жер ресурстары, экология жана жаратылышты коргоо боюнча туруктуу комиссиясы ( төрагасы М.Исабаев ) тапшырылсын.

**Ылай-Талаа айылдык Кеңешинин төрагасы :** **А.Кадамбаева**

Ылай-Талаа айылдык Кеңешинин (VII чакырылыштагы) кезектеги XI сессиясынын жыйынынын

**Т О К Т О М У**

№ 11/4

Ылай-Талаа айылы. 21-февраль 2023-жыл.

**Кара-Кулжа районуна караштуу Ылай-Талаа айыл аймагынын Сары-Таш айылындагы Сооронбеков Касымбектин атындагы жер тилкесин Ылай-Талаа айыл өкмөтүнүн балансына өткөрүү жөнүндө**

Кара-Кулжа районуна караштуу Ылай-Талаа айыл аймагынын Сары-Таш айылындагы Сооронбеков Касымбектин атындагы жер тилкесин Ылай-Талаа айыл өкмөтүнүн балансына өткөрүү тууралуу Ылай-Талаа айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары Т.Жунусовдун маалыматын угуп жана талкуулап Ылай-Талаа айылдык Кеңеши

**Т О К Т О М К Ы Л А Т :**

1. Кара-Кулжа районуна караштуу Ылай-Талаа айыл аймагынын Сары-Таш айылындагы Сооронбеков Касымбекке тиешелүү болгон 0,05 га жер тилкеси Ылай-Талаа айыл өкмөтүнүн балансына өткөрүлсүн.

2. Документ иштерин бүтүрүү жагы Ылай-Талаа айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары Т.Жунусовго жүктөлсүн.

3. Балanска алуу жана документ иштерине көзөмөлдөө жагы Ылай-Талаа айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Жолдошовго тапшырылсын.

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы Ылай-Талаа айылдык Кеңешинин агрардык, азык-түлүк, айыл жана суу чарбасы, жерге жайгаштыруу, жер жана жер ресурстары, экология жана жаратылышты коргоо боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Ылай-Талаа айылдык Кеңешинин төрагасы: А.Кадамбаева**

Ылай-Талаа айылдык Кеңешинин (VII чакырылыштагы) кезектеги XI сессиясынын жыйынынын

# Т О К Т О М У

№ 11/5

Ылай-Талаа айылы. 21-февраль 2023-жыл.

**Ылай-Талаа айыл аймагынын “Айылдык коомчулуктун инвестициялык ассоциациясынын” Уставын бекитүү жана эсептик каттоого алуу жөнүндө.**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы № 123 “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамын, Кыргыз Республикасынын 2005-жылдын 21-февралындагы № 36 “Жамааттар жана алардын бирикмелери жөнүндө” Мыйзамын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2001-жылдын 10-октябрындагы № 625 токтому менен бекитилген “Аймактык коомдук жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Жобону жетекчиликке алып, Ылай-Талаа айыл аймагынын Айылдык коомчулуктун инвестициялык ассоциациясынын (АКИА) аткаруу комитетинин жетекчиси М.Исабаевдин Ылай-Талаа айыл аймагында түзүлгөн Айылдык коомчулуктун инвестициялык ассоциациясынын Уставын бекитүү жана эсептик каттоого алуу жөнүндө маалыматын угуп жана талкуулап Ылай-Талаа айылдык Кеңешинин Регламентинин 2-главасынын 2.1-пунктуна ылайык

**Т О К Т О М К Ы Л А Т :**

1. Ылай-Талаа айыл аймагынын Айылдык коомчулуктун инвестициялык ассоциациясынын Уставы, аткаруу комитетинин жана ревизиондук комиссиясынын курамы жана делегаттардын 2023-жылдын 10-февралында өткөрүлгөн Конференциясынын № 1 протоколунун негизинде бекитилсин жана Устав Ылай-Талаа айылдык Кеңешини эсептик каттоосуна өткөрүлсүн.

2. Ылай-Талаа айыл аймагынын Айылдык коомчулуктун инвестициялык ассоциациясы Ылай-Талаа айыл аймагында өз ишмердүүлүгүн Уставдын негизинде алып барсын.

3. Бул токтом Ылай-Талаа айыл өкмөтүнүн http://ylai-talaa-aimak.kg/ расмий веб-сайтына жарыялансын.

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы Ылай-Талаа айылдык Кеңешинин мыйзамдуулук, укук тартиби, маданият, билим берүү, саламаттыкты сактоо, кеңештердин иштери, депутаттык этика, коомдук уюмдардын, саясий партиялардын жана дин иштери боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы О.Абдимажит уулуна жана Ылай-Талаа айылдык Кеңешинин төрагасынын орун басары А.Үтөңбай уулуна тапшырылсын.

**Ылай-Талаа айылдык Кеңешинин төрагасы : А.Кадамбаева**

**Ылай-Талаа айылдык Кеңешинин 21.02.2023-жылдагы № 11/5 токтомуна тиркеме**

**Ош облусунун Кара-Кулжа районунун Ылай Талаа айылдык аймагынын Айылдык коомчулуктун инвестициялык ассоциациясынын**

## У С Т А В Ы

### I. Жалпы жоболор

1. Аймактык коомдук өз алдынча башкаруу органы катары түзүлгөн Айылдык коомчулуктун инвестициялык Ассоциациясынын толук аталышы:
   - мамлекеттик тилде: Ош областынын Кара-Кулжа районунун Ылай Талаа айылдык аймагынын «Айылдык коомчулуктун инвестициялык ассоциациясы»;
   - расмий тилде: «Инвестиционная ассоциация селтских сообществ» Ылай-Талинского айыльного аймака Кара-Кулжинского района Ошской области.
2. Айылдык коомчулуктун инвестициялык ассоциациясынын кыскартылган аталышы:
   - мамлекеттик тилде: Ылай Талаа айылдык аймагынын АКИА;
   - расмий тилде: ИАСС Ылай Талинского айыльного аймака.
3. Ылай Талаа айылдык аймагынын Айылдык коомчулуктун инвестициялык Ассоциациясынын (мындан ары АКИА) юридикалык дареги: Кыргыз Республикасы Ош области Кара-Кулжа району, Ылай Талаа айылы, Р.Сатыбаев көчөсү № 45.
4. АКИА өз ишмердүүлүгүн Ылай Талаа айылдык аймагында жүргүзөт.
5. АКИАнын иштөө мөөнөтү чектелбейт.
6. АКИА аймактык коомдук жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы катары өз ишкердигинде Кыргыз Республикасынын Конституциясына, Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Министрлер Кабинетинин нормативдик укуктук актыларына, тийиштүү кеңештин жана алардын аткаруучу-тескөөчү органдарынын, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын токтомдору менен буйруктарына жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2001-жылдын 10-октябрындагы № 625 токтому менен бекитилген Жобого, ошондой эле өздөрүнүн Уставына жана чечимдерине таянат.
7. АКИА аймактык коомдук жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы катары өз статусун ал жергиликтүү кеңеште эсептик каттоого алынган учурдан баштап алат. Эсептик каттоого туруу үчүн АКИА айылдык кеңешке өз мүчөлөрүнүн жалпы чогулушунун чечимин (протоколун), Уставын тапшырат.
8. АКИА өз ишинде аны түзгөн жергиликтүү коомчулуктун мүчөлөрүнө жана аны каттаган айылдык кеңешке отчет берет.

### II. АКИАнын максаттары жана иш-милдеттери

9. АКИАнын түзүлүү максаттары:
   - социалдык экономикалык инфраструктураны өнүктүрүүгө коомчулуктарды тартуу;
   - кызмат көрсөтүүлөрдү өркүндөтүүгө, ишкердүүлүктү өнүктүрүүгө коомчулуктарды тартуу;
   - калктын активдүүлүгүн жогорулатуу жана чечим кабыл алуу процесстерине катышуусун арттыруу.
10. АКИАнын иш-милдеттери:
   - Жергиликтүү аймактын социалдык-экономикалык программасын иштеп чыгууга, аны жаңылоого жана ишке ашырууга катышуу, көмөктөшүү;
   - Жергиликтүү аймактын социалдык-экономикалык инфраструктурасына байланыштуу көйгөйлөрдү аныктоого жана чечүүгө катышуу, көмөктөшүү;

- Жергиликтүү коомчулук тарабынан аныкталган көйгөйлөрдү чечүүгө багытталган жергиликтүү жамааттын долбоордук сунуштарын иштеп чыгууга жана ишке ашырууга катышуу, көмөктөшүү;
- эл аралык жана жергиликтүү донордук уюмдар, финансалык институттар менен иштешүү, алардан жергиликтүү көйгөйлөрдү чечүү үчүн каражаттары/инвестицияларды тартуу;
- мамлекеттик бийликтин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун органдарында, соттордо жана башка мамлекеттик жана мамлекеттик эмес мекемелерде коомдун кызыкчылыктарын, өздөрүнүн укуктарын, ал аймакта жашаган граждандардын мыйзамдуу таламдарынын атынан чыгуу жана коргоо;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын чечимдеринин аткарылышына жардамдашуу;
- аймактык коомдук жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын аймагында ишканаларды, өндүрүштүк жана социалдык-маданий багыттагы башка ишканалар менен обьекттерди куруу жана кеңейтүү, соода, коомдук тамактануу, тиричиликтик тейлөө ишканаларын жана башка социалдык-маданий мекемелерди жайгаштыруу үчүн жер бөлүү маселеси, алардын иштөө режимдери боюнча маселелерде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жардамдашуу;
- курулуш куруунун, турак жайлык имараттарды пайдалануунун, турак үйлөрдү жана үйдүн жанындагы аймактарды күтүүнүн, өрт коопсуздугунун эрежелеринин жана санитардык нормалардын сакталышына, жердин, суунун жана башка табигый ресурстардын сарамжалдуу пайдаланылышына коомдук көзөмөл жүргүзүү, тийиштүү органдарга аныкталган кемчиликтерди жоюу жөнүндө сунуштарды киргизүү;
- коомдук турмуштун ар кыл маселелери боюнча демилге көтөрүү, мамлекеттик бийликтин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун органдарына сунуштарды киргизүү;
- калкка жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын АКИАнын сунушу боюнча же анын катышуусу менен кабыл алынган чечимдери жөнүндө кабарлоо;
- жергиликтүү жарандардын кызыкчылыгына тикелей таасир тийгизген маселелер боюнча чечимдерди даярдоодо жана кабыл алууда мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жүргүзгөн кеңеш берүүлөргө жана талкууларга катышуу;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама-каршы келбеген жана айылдык аймактын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө багытталган ар кандай башка иш-аракеттерди жүргүзүү.

## III. АКИАнын укуктары жана жоопкерчилиги

11. Тиешелүү айылдык кеңеш жана анын аткаруучу-тескөөчү органынын, жергиликтүү мамлекеттик администрация, ошондой эле ишканалар, мекемелер, уюмдар, кооперативдер, жамааттар жана башка чарбакер субъекттер менен келишимдик негизде эриш-аркак аракеттенүүгө укуктуу;
12. АКИАнын максаттары менен милдеттерин ишке ашыруу үчүн эл аралык донордук уюмдардын каражаттарын жана инвестицияларды тартууга укуктуу;
13. АКИА жергиликтүү жана эл аралык мамлекеттик эмес коомдук уюмдарга мүчө болуп кире алат жана түз эл аралык байланыштарды түзүүгө жана тийиштүү макулдашууларды түзүүгө укуктуу;
14. АКИА мамлекеттик жана жергиликтүү башкаруу органдарынын милдеттери боюнча жооп бербейт, ал эми алар АИКАнын милдеттери боюнча жооп бербейт.
15. АКИА өзү кабыл алган чечимдердин мыйзамдуулугу үчүн жоопкерчилик тартат.

## IV. АКИАнын башкаруу органдары

16. АКИАнын башкаруу органдары:
   - Жогорку орган – делегаттардын Конференциясы;
   - Аткаруучу орган – аткаруу комитети;
   - Текшерүүчү орган - текшерүү комиссиясы.

## V. АКИАнын мүчөлөрү жана алардын укуктары

17. АКИАнын уставына ылайык, жергиликтүү коомчулуктун тиешелүү аймагында туруктуу жашаган, АКИА менен өз ара таламдары боюнча байланышкан, бир үй чарбачылыгынын таламын билдирүүчү адам АКИАнын мүчөсү болот;
18. АКИАнын уставына ылайык ага мүчө болуу жана андан чыгуу ыктыярдуу болуп саналат;
19. АКИАнын мүчөлөрү АКИАнын анын жалпы чогулушуна катышууга укуктуу;
20. АКИАнын мүчөлөрү АКИАнын жалпы чогулушунун, анын аткаруучу комитетинин, текшерүүчү комиссиясынын бардык чечимдери, протоколдору менен таанышууга,алардын ишмердүүлүгүнө байланыштуу ар кандай маалыматтарды алууга укуктуу;
21. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана ушул Уставга ылайык башка укутарга ээ.

## VI. АКИАнын Конференциясы

22. Конференция – АКИАнын жогорку башкаруу органы болуп саналат жана анын делегаттары Ылай-Талаа айылдык аймагынын курамына кирген айылдарынын жалпы чогулуштарында атайын бекитилген кворумдун негизинде шайланышат. Ар бир айылдан шайланган делегаттардын 50% аялдар жана 50% жаштар болушу керек;
23. Конференциянын делегаттарынын жалпы саны 100 киши, анын ичинен 50% аялдар жана 50% жаштар;
24. АКИАнын Конференциясы жылына кеминде бир жолу өткөрүлөт. Конференция АКИАнын аткаруу комитетинин чечими менен дайындалган күнү өткөрүлөт;
25. Кезексиз Конференция АКИАнын аткаруу комитетинин төрагасы тарабынан же текшерүү комиссиянын, Конференциянын жалпы делегаттарынын 50%нан кем эмес мүчөлөрүнүн демилгеси жана айылдык кеңештин сунушу менен чакырылат;
26. Конференцияны өткөрүү үчүн АКИАнын жалпы мүчөлөрүнүн 3тон 2синин катышуусу талап кылынат, анын ичинен 50% аялдар жана 50% жаштар болуусу керек. Кворум жок болгон учурда, АКИАнын аткаруу комитетинин төрагасы Конференциянын жаңы датасын жана ордун белгилейт;
27. АКИАнын Конференцияларынын ишине айылдык кеңештин төрагасы, анын орунбасары, ар бир айылдан бирден көп эмес депутаты, айыл өкмөтүнүн төрагасы, ал жокто анын орун басары кеңешүүчү добуш менен катышыша алышат;
28. Бардык Конференциялар даярдык менен ачык, айкын өткөрүлүшү керек;
29. Биринчи Конференцияны катышуучулардын ичинен эң улуу аксакал башкарат. Ал күн тартибинин алгачкы эки маселеси боюнча: 1) кворумдун болушун аныктайт; 2) Конференциянын төрагасын жана катчысын шайлоону жүргүзөт. Андан ары бул Конференция жана андан кийинки Конференциялар жаңы шайланган төраганын төрагалыгы астында жүргүзүлөт;
30. Биринчи Конференциянын күн тартибине АКИАнын уставын талкуулоо жана кабыл алуу жана АКИАнын ишмердүүлүгүн жөнгө салуучу башка маселелер кирет;
31. Чечимдер Конференцияга катышкан делегаттардын жөнөкөй көпчүлүк добушу менен кабыл алынат.

**VII. Конференциянын компетенциясы/укуктары**

32. Конференциянын компетенциясына төмөндөгүдөй маселелер кирет:
   - АКИАнын уставына жана башка ички документтерге өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү;
   - АКИАнын ишмердүүлүгүнүн артыкчылыктуу багыттарын аныктоо;
   - АКИАнын аткаруучу комитетинин жана ревизиондук комиссиясынын мүчөлөрүн шайлоо жана ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу;
   - Жылдык отчетту бекитүү;
   - АКИАны өзгөртүп кайра түзүү жана жоюу;
   - АКИАнын уставында жана башка ички документтерде каралган дагы башка маселелер.

**VIII. АКИАнын аткаруу комитети.**

33. Аткаруу комитет АКИАнын учурдагы ишмердүүлүгүн башкарат жана Конференциялардын ортосундагы аралыкта АКИАнын ишмердүүлүгүн башкарууга жооп берет. Ушул уставга жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Конференциянын компетенциясынан тышкары, аткаруучу комитет АКИАнын бардык функцияларын жана милдеттерин аткарат;
34. Аткаруу комитетинин мүчөлөрү Конференциянын делегаттарынын арасынан шайланат;
35. Аткаруу комитетинин мүчөлөрү Конференция тарабынан бир жылдан кийин кайра шайланышы мүмкүн. Аткаруу комитетинин бардык мүчөлөрү өз ыйгарым укуктарын мөөнөтү аяктагандан кийин токтотушат;
36. Аткаруу комитетинин ыйгарым укуктары:
   - АКИАнын Конференцияларын уюштуруу;
   - Жергиликтүү аймактын социалдык-экономикалык өнүгүү программасын иштеп чыгууга катышуу;
   - Айылдык кеңеште аймактын социалдык-экономикалык өнүгүү программасын бекитүүгө катышуу;
   - Донорлорго долбоорлорду тандоо жөнүндө маалымат берүү, тандалган инвестициялардын техникалык өнүгүүсү боюнча донорлор менен макулдашуу;
   - Донорлорго сатып алуулардын абалы жөнүндө маалымдоо (тендердик документтерди макулдашуу, конкурстун мөөнөттөрү жана жыйынтыктары);
   - Подрядчиктерге (жеткирүүчүлөргө) көмөк көрсөтүү, алардын ишине мониторинг жүргүзүү;
   - Бүткөрүлгөн долбоорлорду эксплуатациялоо жана техникалык тейлөө (ЭТТ) боюнча пландарды түзүү;
   - Социалдык мобилизациялоону жана дараметти жогорулатууну жүргүзүү жана жүргүзүүгө көмөктөшүү;
   - АКИАнын мүчөлөрүнүн, климаттын өзгөрүшү боюнча коомчулуктардын элчилеринин, коомдук кабарчылардын дараметин жогорулатууга көмөктөшүү;
   - Социалдык отчеттуулук боюнча иш-чараларды координациялоо;
   - Конференциянын/Жалпы чогулуштун чечимдерин ишке ашыруу.
37. Аткаруу комитети өзүнүн ишмердүүлүгү боюнча Конференцияга, эсептик катоодон өткөзгөн айылдык кеңешке отчет берет;
38. Аткаруу комитети өзүнүн иш-милдеттерин жүзөгө ашырууда төмөнкүдөй принциптерди карманат: ыктыярдуулук, мүчөлөрдүн тең укуктуулугу, ачыктык, чынчылдык, мыйзамдуулук, айкындуулук, өз алдынча башкаруу жана Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарын сактоо;

39. Жаңы түзүлгөн аткаруу комитетинин уюштуруу отуруму Конференциядан кийин өткөрүлөт, аткаруу комитетинин биринчи отурумунда анын катчысы шайланат жана кийинки отурумдун датасы аныкталат;
40. Аткаруу комитетинин мүчөлөрүнүн отурумунда аткаруу комитетинин төрагасы жана анын орун басары шайланат . Аткаруу комитетинин курамы төрагадан, төраганын орун басарынан жана башка мүчөлөрдөн турат;
41. Аткаруу комитетинин төрагасы бир жылга шайланат. Аткаруу комитетинин мүчөлөрүнүн саны так болушу керек. Аткаруучу комитетинин жалпы саны 15 адамдан ашпайт, анын ичинен 50% аялдар жана 50% жаштар;
42. Аткаруу комитетинин кийинки отуруму кеминде 5 (беш) күн мурун бардык мүчөлөрүн кабардар кылуу менен аткаруу комитетинин төрагасы тарабынан чакырылат. Кезексиз отурумдар АКИАнын аткаруу комитетинин кеминде үч мүчөсүнүн жазуу жүзүндөгү талабы боюнча чакырылышы мүмкүн;
43. Аткаруу комитетинин отуруму анын мүчөлөрүнүн 2/3 катышуусунда гана өткөрүлөт. Аткаруу комитетинин мүчөлөрүнүн кворуму жок болгон учурда, төрага жыйынды жокко чыгарып, кийинки жыйынды 10 (он) күндөн ашпаган мөөнөткө жылдырышы керек;
44. Аткаруучу органынын мүчөлөрүнүн чечимдери добуш берүү жолу менен кабыл алынат, б.а. катышкан мүчөлөрдүн көпчүлүк добушу менен. Добуштар тең болуп калган учурда, төрагалык кылуучунун добушу чечүүчү болуп саналат;
45. Айыл өкмөтүнүн башчысы ээлеген кызматтына ылайык автоматтык түрдө аткаруу комитетинин мүчөсү болуп эсептелет жана аткаруу комитетинин бардык иштерине активдүү катышат;
46. Аткаруу комитетинин төрагасынын (төрайымынын) компетенциясына төмөнкүлөр кирет:
   - АКИАнын уставына кол коет;
   - Бардык мамлекеттик, жеке, коомдук уюмдарда жана бирикмелерде АКИАнын атынан өкүлчүлүк кылуу;
   - Аткаруу комитетинин отурумдарын өткөрүү;
   - Конференциянын жана аткаруу комитетинин тапшырмаларын аткаруу;
   - Конференцияда өзүнүн ишмердүүлүгү жөнүндө отчет берүү;
   - АКИАнын атынан келишимдерге кол коюу;
   - Аткаруу комитетинин компетенциясына кирген жана ушул Уставга карама-каршы келбеген башка ыйгарым укуктарды, функцияларды аткаруу.
47. Эгерде АКИАнын аткаруу комитетинин төрагасы (төрайымы) өзүнүн иш-милдеттерин аткара албаса, кайрадан аткаруу комитетинин төрагасы аткаруу комитеттин отурумунда көпчүлүк добуш менен шайланганга чейин төраганын милдеттерин төраганын орун басары аткарат;
48. Аткаруу комитетинин мүчөсү иш мөөнөтү аяктаганга чейин Конференциянын чечими менен кайра чакыртылып алынышы же алмаштырылышы мүмкүн. Ага себеп бул же тигил мүчөнүн өз милдеттерине кайдыгерлик кылгандыгы же аларды аткарбагандыгы же өз ыктыяры менен арыз жазышы болушу мүмкүн. Аткаруу комитетинин жаңы мүчөсүн шайлоо кийинки Конференцияда айылдарда өткөрүлгөн жалпы чогулуштардын чечимдерине ылайык өткөрүлөт.

## IX. Текшерүү комиссиясы

49. Текшерүү комиссиясы АКИАнын Конференциясында бир жылдык мөөнөткө АКИАнын мүчөлөрүнөн 3 кишиден турган курамда шайланат. Текшерүү комиссиясы өз ишин акысыз түрдө аткарат;

50. Текшерүү комиссиянын мүчөлөрү АКИАнын аткаруу комитетинде кандайдыр бир кызматтарды ээлеген адамдар болбоосу керек;
51. Текшерүү комиссиясы АКИАнын аткаруу органынын жана анын башка структураларынын финансылык-чарбалык иштерин көзөмөлдөйт;
52. Текшерүү комиссиясы жыл аягында отчетун берет жана ал отчет Конференция тарабынан бекитилет;
53. АКИАнын бардык кызмат адамдары текшерүү комиссиясынын өз милдеттерин аткаруусуна көмөктөшүүгө милдеттүү;
54. Текшерүү комиссиянын мүчөлөрүн кайра шайлоо Конференциянын делегаттарынын төрттөн биринин талабы боюнча мөөнөтүнөн мурда өткөрүлүшү мүмкүн;
55. Текшерүү комиссиясынын төрагасы анын мүчөлөрү тарабынан мүчөлөрдүн ичинен шайланат.

**X. АКИАны жоюу жана реорганизациялоо**

56. АКИАнын өз ишин токтотуу АКИАны реорганизациялоо же болбосо жоюу жолу менен Кыргыз Республикасынын Жарандык Кодексинде каралаган тартипте жүргүзүлөт.

**Ылай-Талаа айылдык Кеңешинин катчысы:** **С.Осмоналиев**

Ылай-Талаа айылдык Кеңешинин (VII чакырылыштагы) кезектеги  XI сессиясынын жыйынынын

**Т О К Т О М У**

№ 11/6

Ылай-Талаа айылы.                                                        21-февраль  2023-жыл.

**Ылай-Талаа айыл аймагындагы КБФнун жерлерин аукцион аркылуу ижарага берүү үчүн алардын баштапкы ижара акысын бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы № 123 “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын II бөлүмүнүн 3-главасынын 34 – “Айылдык аймактардын, шаарлардын жергиликтүү кеңештеринин компетенциялары” жөнүндөгү беренесине жана айылдык Кеңештин Регламентинин 1-бөлүмүнүн 2-главасынын 2.2-пунктуна ылайык Ылай-Талаа айыл аймагындагы КБФнун жерлерин аукцион аркылуу ижарага берүү үчүн алардын ижара акысынын баштапкы баасын бекитип берүү боюнча Ылай-Талаа айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары Т.Жунусовдун берген маалыматын угуп жана талкуулап Ылай-Талаа айылдык Кеңеши

**Т О К Т О М   К Ы Л А Т :**

1. Ылай-Талаа айыл аймагындагы КБФнун жерлеринин келишимдеги мөөнөттөрү аягына чыккан жер аянттарына аукцион аркылуу ижарага берүү үчүн 1 га жер аянтына ижара акысынын баштапкы баасы төмөндөгүдөй өлчөмдө бекитилсин:
- бак жана сугат айдоо аянттарына – 1500 сом;
- кайрак айдоо жана чөп орунду аянттарына – 1000 сом.

2. Жогорудагы белгиленген жер аянттарына аукцион өткөрүүдө бак аянтынты, сугат жана кайрак айдоо аянттары үчүн 1 лоттун өлчөмү 0,5 га, чөп орунду аянттары үчүн 1 лоттун өлчөмү 1,0 га, ал эми аукционго катышуучулардын баштапкы бааны көтөрүүдөгү эң төмөнкү кадамы 200 сом болуп бекитилсин.

3. Ылай-Талаа айыл аймагындагы КБФнун жерлерин аукцион аркылуу ижарага берүүнү иштеп жаткан мыйзамдарга ылайык ишке ашыруу жагы Ылай-Талаа айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Жолдошовго милдеттендирилсин.

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы Ылай-Талаа айылдык Кеңешинин агрардык, азык-түлүк, айыл жана суу чарбасы, жерге жайгаштыруу, жер жана жер ресурстары, экология жана жаратылышты коргоо боюнча туруктуу комиссиясына (төрагасы М.Исабаев) тапшырылсын.

**Ылай-Талаа айылдык Кеңешинин төрагасы :                    А.Кадамбаева**

Ылай-Талаа айылдык Кеңешинин (VII чакырылыштагы) кезектеги X сессиясынын жыйынынын

**Т О К Т О М У**

№ 10/6

Ылай-Талаа айылы. 27-январь 2023-жыл.

**Ылай-Талаа айыл аймагында Улуттук тазалык күнү жана 2023-2025-жылдар мезгилине тиричилик калдыктарын иштетүү боюнча натыйжалуу инфраструктура түзүү боюнча Ылай-Талаа айыл өкмөтүнүн иш планын бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү” Мыйзамынын 2-главасынын 27-беренесинин 11 –пунктуна ылайык Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 6-сентябрындагы № 305 “Улуттук тазалык күнү жана 2023-2025-жылдар мезгилине тиричилик калдыктарын иштетүү боюнча натыйжалуу инфраструктура түзүү боюнча иш аракеттер планы жөнүндөгү” Жарлыгын айыл аймагында турмушка ашыруу боюнча айыл өкмөтүнүн түзгөн иш планы тууралуу Ылай-Талаа айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары Т.Жунусовдун маалыматын угуп жана талкуулап Ылай-Талаа айылдык Кеңеши

**Т О К Т О М К Ы Л А Т :**

1. Ылай-Талаа айыл аймагында Улуттук тазалык күнү жана 2023-2025-жылдар мезгилине тиричилик калдыктарын иштетүү боюнча натыйжалуу инфраструктура түзүү боюнча Ылай-Талаа айыл өкмөтүнүн иш планы бекитилсин.
(тиркеме тиркелет)

2. Бекитилген иш пландын негизинде иш алып баруу жана иш планда белгиленген жумуштардын аткарылышын камсыз кылуу Ылай-Талаа айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Жолдошовго тапшырылсын.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы Ылай-Талаа айылдык Кеңешинин курулуш, транспорт, өнөр-жай, соода, ишкердүүлүк, байланыш, энергетика жана кайра иштетүү боюнча туруктуу комиссиясына (төрагасы А.Жаңыбаев) тапшырылсын.

**Ылай-Талаа айылдык Кеңешинин төрагасы : А.Кадамбаева**

**Ылай-Талаа айылдык Кеңешинин 27.01.2023-жылдагы № 10/6 токтомуна тиркеме**

Ылай-Талаа айыл аймагында Улуттук тазалык күнү жана 2023-2025-жылдар мезгилине тиричилик калдыктарын иштетүү боюнча натыйжалуу инфраструктура түзүү боюнча Ылай-Талаа айыл өкмөтүнүн иш планы

| № | Иш-чаралардын аталышы жана өтүүчү жайлар | Жооптуу мекемелер | Белгиленген күнү |
|---|---|---|---|
| 1 | Т.Абакиров атындагы сейил багынын ички жана сырткы бөлүктөрү | А.Осмонов, Ө.Абдылдаев, Т.Назаров билим берүү мекемелери, контора аппараты | 22-23- апрель 16-17-сентябрь |
| 2 | Айыл аймагындагы калктуу конуштан сырткаркы жолдун бойлору | М.Баатыров, Сай б/бакчасы, Канзада апа б/бакчасы, Ж.Жолдошов б/бакчасы,"Балазат" б/бакчасы,№7 ҮДТ | 22-23- апрель 16-17-сентябрь |
| 3 | Тар дарыясынын жээктерин жана Шаркыратма айылын тазалоо | Ж.Ибраимов, Ж.Айтбаев билим берүү мекемелери,Шаркыратма б/бакчасы | 22-23-апрель 16-17-сентябрь |
| 4 | Мусор төгүлүүчү полигонду иретке келтирүү | Ылай-Талаа айыл өкмөтүнүн аппарат кызматкерлери | 22-23- апрель 16-17-сентябрь |
| 5 | Мекемелердин имараттарынын тегерегин жана короолорун тазалоо | Бардык мекемелер | апрель, сентябрь |
| 6 | Калктуу конуштар жашаган айылдын көчөлөрүн тазалоо, бак дарактарды иретке келтирүү | Айыл тургундары | 22-23- апрель 16-17-сентябрь |
| 7 | Катуу тиричилик калдыктарын көмүү | "Тазалык" муниципалдык ишканасы | дайыма |
| 8 | Айлана чөйрөнү коргоо, жаратылыш ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу жана тиричилик калдыктарын, анын ичинде катуу тиричилик калдыктарын өзүнчө чогултуу чөйрөсүндөгү укук бузуулардын алдын алууга өзгөчө көңүл буруу менен кеңири масштабдуу пропагандалык ишти уюштуруу | Тиешелүү аппарат кызматкерлери, "Тазалык" муниципалдык ишканасы | дайыма |
| 9 | Калкты тиричилик калдыктарын чогултуу жана чыгаруу боюнча кызмат көрсөтүүлөр менен толук камтууну камсыз кылууга, бааны белгилөө | "Тазалык" муниципалдык ишканасы | февраль айы |

**Ылай-Талаа айылдык Кеңешинин катчысы: С.Осмоналиев**